# Смартфон



Автор: Марлэн Матназаров

Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

# Смартфон

Автор: Марлэн Матназаров
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Смартфон" (кыргыз тилинде), автор Марлэн Матназаров
сүрөтчү Светлана Насынбатова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Караңгылык. Сыртына сүрөтүм түшүрүлгөн, төрт тарабы дубалдай болгон кутучада өзүм жалгыз жатамын. Тышта адамдардын: “Мына бул смартфондун сапаты кандай? Баасы канча болду экен?” - деп кобурашкан үндөрү дайыма угулат. Учуру келсе, мен да башка смартфондор сыяктуу жарыкты көрүп, жакшы бир адамдын керегине жарасам деп тилейм.



Бир күнү бир киши сатуучу менен соодалашып жатты:

– Мына бул смартфонго канча убакыт кепилдик каралган?

– Бир жыл.

– Бүгүн уулумдун туулган күнүнө белек кылайын дедим эле.

– Сонун! Абдан жакшы смартфон, эч ойлонбой эле ала берсеңиз болот. Баса, уулуңуз канча жашка чыгат?

– Он экиге, – деп, мени кутучадан алып, бети-башымды кармалап, артымдагы көздөрүм менен айлананы сүрөткө тартып көрүп, купулуна толгондугумду билдирди. Ошентип, белек болуп, туулган күнгө кеттим.



Арадан бир нече саат өттү. Дале мурункудай кутучада жатам. Бул ирет сырттан музыка, адамдардын шаң-күлкүсү угулуп турду. Бир кезде атасы уулуна каалоо-тилек айта баштады:


– Уулум Максат, туулган күнүң кут болсун! Сага бекем ден соолук, окууларыңа ийгилик каалайбыз. Сен жакшы окуйсуң. Биз сени менен сыймыктанабыз. Туулган күнүңө арнап смартфон алып келдик. Окууларыңа керектүү маалыматтарды таап, дагы да билимиңди арттыра бер.



Максаттын кубанычы койнуна батпай:

– Ата, апа, рахмат сиздерге! – деп мени кутучадан алып, кызыга кармалап жатты.


Арадан бир ай өттү. Максат мени дайым чөнтөгүндө алып жүрөт. Улам бети-башымды кармалап, чукулай берет. Түн ичинде эс алайын десем, өзү да уктабайт, мага да уйку бербейт.





Максаттын колунда эртеден кечке чейин эзилген жаным түнү да алсырап, ич-этим ысып кыйналат. Кубаттуулугум түгөнүп да калат. Аны байкаар замат мени электр тогуна туташтырат. Жарым-жартылай кубаттандырат да, жүрөгүмдүн согуусун начарлатат.

Максат мени менен эле алек болуп, үй тапшырмаларын кээде аткарбай калат. Буга өзүмдү күнөөлүү сезип, смартфон болуп калганыма өкүнүп кетем.



Күндөрдүн биринде Максат адаттагыдай оюн ойноп олтурду. Атасы уулунун сабактан начарлап бара жатканын мугалиминен угуп калыптыр.

– Уулум, смартфондо керээлден кечке ойногондон көрө сабактарыңды көңүл коюп окусаң боло, – деди уулуна.

– Баарыңыздар эле смартфондо ойногонумду көрөсүздөр. Күн сайын укканым бир сөз: “Смартфондо ойнобо! Смартфондо ойнобо!” - корсулдап жооп берди.


Максат негедир мени ыргытып жиберди. Жерге тарс эте түштүм. Денем зыркырап ооруп кетти.



Атасы уулунун бул жоругунан улам:

– Биз сага смартфонду белек кылып чоң жаңылыштык кетириптирбиз. Мурда акылдуу, адептүү, китепти сүйгөн, мыкты окуучу элең, – деп сыртка капалуу чыгып кетти.

Максат мени аяп кеттиби, айтор, жерден ала койду. Анан стол үстүндөгү китептерин эми эстегенсип, кармалай баштады. Мен азыр эле болгон окуянын баарын унутуп, кубанып кеттим...



Менин максатым – адамдардын керегине жарап, аларга пайдалуу кызмат кылуу. Балдардын тарбиясына терс таасирим тийбесинчи. Алардын ата-эне, бир туугандары менен сүйлөшпөй, түнт болуусун каалабайм. Эң башкысы, ден соолугуна зыяным тийбесе экен. Мен келечекте тарбиялуу, билимдүү, ден соолугу бекем жаштарды көргүм келет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Марлэн Матназаров
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- **4.2 деңгээли**